
Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын
2018-жылдын IV чейрегиндеги абалы тууралуу

**ОТЧЕТ**

## 1. Төлөмдөр түзүмүндөгү өзгөрүүлөр боюнча аналитикалык маалыматтар


Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин алдын ала маалыматына ылайык 2018-жылдын IV чейрегинин жыйынтыгы боюнча ИДӨ көлөмү күндөлүк баада алганда 2017-жылдын IV чейрегинин тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 8,4 пайызга көбөйүү менен 177,1 млрд. сомду (2017-жылдын IV чейрегинде реалдуу өсүш 4,4 пайызды) түзгөн. ИДӨнүн өсүшүнө негизги салымды өнөр жай, кызмат көрсөтүү жана курулуш секторлору кошкон. «Кумтөр» алтын кен казып алуу ишканаларын эске албаганда, ИДӨнүн реалдуу өсүшү төмөн түптөлүп, 4,9 пайыз чегинде катталган.

1-график. ИДӨ жана төлөмдөр көлөмүнүн динамикасы





2018-жылдын IV чейрегинин жыйынтыгы боюнча банктар аралык төлөмдөр көлөмү өткөн жылдын ушул эле мезгилиндеги көрсөткүчкө салыштырганда 11,5 пайызга төмөндөгөн. Автоматташтырылган тооруk системасы аркылуу ишке ашырылган операциялар көлөмү азайгандыктан, банк операцияларынын өсүш арымынын (-15,2) пайызга кыскарышы төлөмдөр көлөмүнүн төмөндөшүнүн негизги факторунан болуп саналат.

2-график. Банктар аралык төлөмдөрдүн динамикасы (млн сом)




Жалпысынан, банктар аралык төлөмдөрдүн түзүмү өзгөргөн жок: банк операциялары 80,5 пайызды түзүү менен негизги үлүштү ээлеп келет, бюджеттик уюмдардын төлөмдөрүнүн үлүшү 13,1 пайызды, ал эми бюджеттик эмес уюмдардын товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр, активдер жана милдеттенмелери үчүн төлөмдөрү 6,4 пайызды түзгөн. Бюджеттик уюмдардын төлөмдөрүнүн түзүмүнө кирген бюджеттик төлөмдөрдүн салыштырма салмагы 47,1 пайызды, чыккан бюджеттик төлөмдөрдүн салыштырма салмагы 40,6 пайызды, ал эми активдер жана милдеттенмелер менен операциялар боюнча төлөмдөрдүн салыштырма салмагы – 12,4 пайызды түзгөн.

3-график. Бюджеттик кирешелердин, чыгашалардын жана төлөмдөр көлөмүнүн динамикасы




2018-жылдын IV чейреги ичинде бюджеттик уюмдардын төлөмдөрүнүн көлөмү 2017-жылдын IV чейрегиндеги тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 2,0 пайызга көбөйүү менен 101,0 млрд. сомду түзгөн. Банктар аралык төлөм системасы аркылуу ишке ашырылган, мамлекеттик бюджеттен чыккан төлөмдөрдүн көлөмү өткөн жылдын

тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 11,4 пайызга көбөйгөн. Мамлекеттик бюджетке төлөмдөрдүн көлөмү да 1,3 пайызды түзүү менен өскөн.

Мамлекеттик бюджетке төлөмдөрдүн өсүшү бюджеттин негизги көрсөткүчтөрүнүн динамикасы жөнүндө маалыматтар менен аныкталат, аларга ылайык мамлекеттик бюджеттин жалпы кирешеси 3,6 пайызга көбөйгөн. Ал эми жалпы чыгашасы 4,1 төмөндөгөн. Бюджеттик уюмдардын төлөмдөрүнүн жана мамлекеттик бюджеттин негизги параметрлеринин динамикасындагы мындай айырмачылык банктар аралык төлөм системасында операциялар олуттуу сандагы катышуучулар тарабынан ишке ашырылгандыгы менен түшүндүрүлөт (мисалы, Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду). Ал эми мамлекеттик бюджеттин негизги параметрлери боюнча маалыматтар Бирдиктүү казына эсеби аркылуу гана ишке ашырылган операцияларга негизделет.

## 2. Нак акча жүгүртүү түзүмү

Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын кайтарымдуулугу 2018-жылдын IV чейрегинде 99,2 пайызды түзүү менен 2017-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 0,2 пайызга көбөйгөн (2017-жылдын IV чейрегинде нак акчанын кайтарымдуулугу 99,0 пайызды түзгөн).

**1-таблица. Коммерциялык банктардын кассалары аркылуу нак акчанын жүгүртүлүүсү**


| Региондордун аталышы | Келип түшкөн, млн сом | | Берилген, млн сом | | Кайтарымдуулук, % | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2017-жылдын IV чейреги | 2018-жылдын IV чейреги | 2017-жылдын IV чейреги | 2018-жылдын IV чейреги | 2017-жылдын IV чейреги | 2018-жылдын IV чейреги |
| **Бардыгы** | **413 141,6** | **498 527,3** | **417 321,1** | **502 379,2** | **99,0** | **99,2** |
| Бишкек шаары | 191 429,2 | 255 832,9 | 188 051,8 | 252 232,6 | 101,8 | 101,4 |
| Ош шаары | 56 978,4 | 62 231,5 | 57 394,4 | 62 999,2 | 99,3 | 98,8 |
| Чүй областы | 35 849,8 | 40 057,3 | 35 929,3 | 40 173,9 | 99,8 | 99,7 |
| Ысык-Көл областы | 20 723,9 | 22 928,6 | 21 720,4 | 24 272,4 | 95,4 | 94,5 |
| Талас областы | 10 829,9 | 12 498,1 | 12 674,6 | 14 407,3 | 85,4 | 86,7 |
| Нарын областы | 10 086,8 | 11 006,7 | 10 900,2 | 11 735,6 | 92,5 | 93,8 |
| Ош областы | 23 754,5 | 23 623,7 | 23 759,6 | 23 514,9 | 100,0 | 100,5 |
| Жалал-Абад областы | 45 123,5 | 50 267,2 | 48 395,5 | 52 977,3 | 93,2 | 94,9 |
| Баткен областы | 18 365,6 | 20 081,3 | 18 495,3 | 20 066,0 | 99,3 | 100,1 |

2017-жылдын IV чейрегине салыштырганда 2018-жылдын IV чейрегинде республиканын бардык аймактары боюнча коммерциялык банктардын кассаларына нак акча кайтарымдуулугунун өсүшү төмөнкү областтар боюнча катталган:

- Ош областы боюнча – 0,5 пайызга;
- Баткен областы боюнча – 0,8 пайызга;
- Талас жана Нарын областтары боюнча – 1,3 пайызга;
- Жалал-Абад областы боюнча – 1,7 пайызга.

2018-жылдын IV чейреги ичинде нак акча кайтарымдуулугунун кыйла жогорку көрсөткүчү Бишкек шаары боюнча – 101,4 пайызды жана Ош областы боюнча – 100,5 пайызды түзгөн. Ал эми нак акча кайтарымдуулугунун кыйла төмөнкү көрсөткүчү Талас областы боюнча – 86,7 пайыз деңгээлинде катталган.

**4-график. Региондор боюнча коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулук (%)**




Коммерциялык банктардын кассаларына 2018-жылдын IV чейрегинде келип түшкөн нак акчанын суммасы 498 527,3 млн. сомду түзгөн, бул көрсөткүч 2017-жылдын ушул эле чейрегине салыштырганда 20,7 пайызга жогору.


Коммерциялык банктардын кассаларына негизги булактар боюнча келип түшкөн нак акчалар төмөнкүнү түзгөн:

- коммерциялык банктардын филиалдарынан, сактык кассаларынан жана алмашуу пунктуларынан – 226 862,3 млн. сом, көбөйүү 36,6 пайызды түзгөн (2017-жылдын IV чейрегинде – 166 099,0 млн. сом);
- товарларды сатып өткөрүүдөн – 23 699,0 млн. сом, көбөйүү 12,8 пайызды түзгөн (2017-жылдын IV чейрегинде – 21 017,8 млн. сом);
- банкоматтарды жана терминалдарды инкассациялоодон – 63 394,4 млн. сом, көбөйүү 34,3 пайызды түзгөн (2017-жылдын IV чейрегинде – 47 208,8 млн. сом);
- локалдык акча которууну жүзөгө ашыруу үчүн – 35 145,5 млн. сом, көбөйүү 5,4 пайызды түзгөн (2017-жылдын IV чейрегинде – 33 335,6 млн. сом);
- кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоодон жана аткарылган иштерден – 37 688,7 млн. сом, көбөйүү 12,6 пайызды түзгөн (2017-жылдын IV чейрегинде – 33 465,6 млн. сом);
- чет өлкө валютасын сатуудан нак акчанын түшүүсү – 38 850,6 млн. сом, көбөйүү 17,4 пайызды түзгөн (2017-жылдын IV чейрегинде – 33 080,9 млн. сом).

**5-график. 2017-жылдын IV чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан келип түшүүлөрдүн негизги булактары (млн сом)**




**6-график. 2018-жылдын IV чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан келип түшүүлөрдүн негизги булактары(млн сом)**





Коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акча 2018-жылдын IV чейрегинде 502 379,2 млн. сомду түзгөн, бул өткөн жылдын IV чейрегине салыштырганда 20,4 пайызга жогору.


2018-жылдын IV чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акчанын негизги багыттары төмөнкүчө түптөлгөн:

- коммерциялык банктардын филиалдарына, сактык кассаларына жана алмашуу бюролоруна – 223 518,9 млн. сом берилип, көбөйүү 35,6 пайыз чегинде катталган (2017-жылдын IV чейрегинде – 164 864,6 млн. сом);
- кызмат көрсөтүүлөр жана аткарылган иштер үчүн төлөөлөр 4,0 пайызга көбөйүү менен 25 504,3 млн. сомду түзгөн (2017-жылдын IV чейрегинде – 24 525,7 млн. сом);
- банкоматтарга акча жүктөө үчүн 89 565,1 млн. сом берилип, көбөйүү 26,4 пайызды түзгөн (2017-жылдын IV чейрегинде – 70 850,6 млн. сом);
- локалдык акча которууларды төлөөгө 32 117,4 млн. сом берилип, көбөйүү 8,5 пайызды түзгөн (2017-жылдын IV чейрегинде – 29 594,0 млн. сом);
- товарлар үчүн төлөөгө 4 956,9 млн. сом берилип, көбөйүү 16,1 пайызды түзгөн (2017-жылдын IV чейрегинде – 4 268,7 млн. сом);
- чет өлкө валютасын сатып алууга - 48 511,8 млн. сом берилип, көбөйүү 3,8 пайызды түзгөн (2017-жылдын IV чейрегинде – 46 757,5 млн. сом);
- эмгек акыларды төлөөгө - 912,5 млн. сом берилип, төмөндөө 30,3 пайызды түзгөн (2017-жылдын IV чейрегинде - 1 309,2 млн. сом берилген).

**7-график. 2017-жылдын IV чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**




**8-график. 2018-жылдын IV чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**




## 3. Нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн түзүмү

### 3.1. Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасы


2018-жылдын IV чейрегинин жыйынтыгы боюнча клиринг төлөмдөрүнүн көлөмү **57 611,2 млн. сомду** түзүү менен:

- өткөн чейрекке салыштырганда 15,1 пайызга көбөйгөн;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 3,2 пайызга көбөйгөн.

2018-жылдын IV чейрегинде клиринг төлөмдөрүнүн саны **2 259 137** төлөмдү түзүп:

- өткөн чейрекке салыштырганда 11,7 пайызга азайган;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 10,2 пайызга көбөйгөн.

**9-график. Клиринг төлөмдөрүнүн көлөмүнүн жана санынын динамикасы (млн сом)**




### 3.2. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (мындан ары – эсептешүүлөрдүн гросстук системасы)


2018-жылдын IV чейреги ичинде гросстук төлөмдөрдүн жалпы көлөмү **715 576,6 млн. сомду** түзүп:

- өткөн чейрекке салыштырганда 2,7 пайызга азайган:
- ошондой эле өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда автоматташтырылган тоорук системасы боюнча банк операцияларынын төмөндөшүнөн улам, 13,3 пайызга азайган.

Бардыгы болуп, эсептешүүлөрдүн гросстук системасы аркылуу 2018-жылдын IV чейреги ичинде **128 240 төлөм** өткөрүлгөн. Бул көрсөткүч:

- өткөн чейрекке салыштырганда 13,1 пайызга көбөйгөн;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 12,6 пайызга көбөйгөн.

**10-график. Гросстук төлөмдөрдүн көлөмүнүн жана санынын динамикасы (млн сом)**



**2-таблица. Клиринг жана гросстук төлөмдөрдүн саны жана көлөмү**

| Мөөнөтү | Клиринг | | Гросс | | Бардыгы | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) |
| 2017-ж. IV ч. | 2 050 321 | 55806,2 | 113 934 | 824 982,8 | 2 164 255 | 880 789,0 |
| 2018-ж. I ч. | 2 097 179 | 41969,6 | 97 978 | 872 138,9 | 2 195 157 | 914 108,5 |
| 2018-ж. II ч. | 2 366 594 | 51138,3 | 104 637 | 696 848,4 | 2 471 231 | 747 986,7 |
| 2018-ж. III ч. | 2 557 643 | 50 058,7 | 113 385 | 735 556,2 | 2 671 028 | 785 614,9 |
| 2018-ж. IV ч. | 2 259 137 | 57 611,2 | 128 240 | 715 576,6 | 2 387 377 | 773 187,8 |

### 3.3. Банктык төлөм карттар рыногу[1]

2019-жылдын 1-январына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында банктык төлөм карттарынын эмиссиясы жана эквайринги боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү бардык коммерциялык банктар сунуштаган, анын ичинен 16 банк эл аралык төлөм системасынын жана «Элкарт» улуттук системасы боюнча 25 банк карттардын эмитенттеринен жана эквайерлеринен болушкан.

***1) Банктык төлөм карттар эмиссиясы***

2019-жылдын 1-январына карата абал боюнча жүгүртүүдөгү банктык төлөм карттарынын жалпы саны 2 432,6 миң картты түзгөн. Мында, карттардын саны өткөн чейректегиге салыштырганда 3,1 пайызга көбөйгөн, ал эми өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда карттардын саны 22,6 пайызга өскөн.

Төлөм карттар түрлөрү боюнча төмөнкүчө бөлүштүрүлгөн:


**- Эл аралык системалар 1 222 284 (50,2%):**
- «Visa» 670 571 (27,6%);
- «Master Card» 22 641 (0,9%);
- «Золотая корона» (Россия) 518 867 (21,3%);
- «Union Pay International» 10 205 (0,4%).

**- «Элкарт» улуттук системасы 1 210 306 (49,8 %):**
- «Элкарт» 1 201 154 (49,4%);
- «Элкарт-UPI» 9 152 (0,4%).


**3-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөм карттар рыногунун өнүгүшүнүн көрсөткүчтөрү**

| Көрсөткүчтөр | 2017-ж. IV чейреги | 2018-ж. III чейреги | 2018-ж. IV чейреги | 2018-жылдын IV чейреги үчүн өсүш арым % | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 2017-ж. IV ч. | 2018-ж. III ч. |
| Чыгарылган төлөм карттарынын саны (миң бирдик) | 1 984,2 | 2 359,8 | 2 432,6 | 18,9 | 3,1 |
| Миң киши башына чыгарылган төлөм карттарынын саны (эмгекке жарамдуу жана пенсиялык курак) | 494,0 | 570,0 | 588,0 | 15,4 | 3,2 |
| Төлөм карттары аркылуу ишке ашырылган операциялардын саны (млн тран.) | 8,8 | 9,6 | 11,0 | 9,1 | 14,6 |
| Төлөм карттары аркылуу ишке ашырылган операциялардын көлөмү (млн сом) | 46 977,3 | 50 099,0 | 56 307,9 | 6,6 | 12,4 |
| Кыргыз Республикасынын аймагында төлөм карттары аркылуу ишке ашырылган нак эмес операциялардын көлөмүнүн ИДӨгө карата катышы (%) | 8,6 | 10,2 | 11,4 | 18,1 | 12,4 |

11-график. Жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны




12-график. 2019-ж. 1-январына карата областтар боюнча жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны





**4-таблица. Областтар жана системалар боюнча жүгүртүүдөгү карттардын саны**

| Региондун аталышы | Visa | MasterCard | Золотая Корона | Элкарт | UPI | Элкарт-UPI | Бардыгы (миң д.) | Үлүшү (%) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | 468 355 | 15 423 | 144 635 | 342 345 | 6 599 | 5 075 | 982 432 | 40,4 |
| Чүй областы | 28 801 | 1 979 | 56 993 | 121 039 | 1 516 | 224 | 210 552 | 8,7 |
| Ысык-Көл областы | 31 074 | 1 168 | 44 887 | 103 295 | 456 | 439 | 181 319 | 7,5 |
| Нарын областы | 8 450 | 428 | 33 332 | 76 126 | 0 | 140 | 118 476 | 4,9 |
| Талас областы | 14 514 | 224 | 17 878 | 47 704 | 562 | 1 027 | 81 909 | 3,4 |
| Жалал-Абад областы | 40 155 | 1 457 | 96 357 | 192 469 | 587 | 745 | 331 770 | 13,6 |
| Ош областы | 64 701 | 1 447 | 91 567 | 229 631 | 386 | 1 025 | 388 757 | 16,0 |
| Баткен областы | 14 521 | 515 | 33 218 | 88 545 | 99 | 477 | 137 375 | 5,6 |
| **Бардыгы** | **670 571** | **22 641** | **518 867** | **1 201 154** | **10 205** | **9 152** | **2 432 590** | **100** |


Бишкек шаары коммерциялык банктардын филиалдарынын/сактык кассаларынын, финансы ресурстарынын ж.б. концентрацияланышы жагында эң жогорку көрсөткүчтөр менен мүнөздөлгөн, ушундан улам төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногу бул жерде кыйла өнүккөн. Алсак, 2018-жылдын IV чейреги ичинде Бишкек шаары боюнча картты колдонуу менен ишке ашырылган операциялардын жалпы көлөмүнүн үлүшү 55,6 пайызды түзгөн. Кыйла төмөн көрсөткүч – 3,4 пайызды түзүү менен Талас областында катталган.

2019-жылдын 1-январына карата абал боюнча картты колдонуу аркылуу эсептешүүлөр системасы боюнча коммерциялык банктардын банктык эсептериндеги депозиттик база калдыгынын көлөмү 22,5 млрд. сомду түзгөн. Мында, өткөн чейректегиге салыштырмалуу 3,2 пайызга көбөйүү байкалган, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, 4,0 пайызга өсүш байкалган.

13-график. 2018-ж. IV чейреги үчүн облaстар боюнча картты колдонуу аркылуу операциялардын көлөмү жана саны (миң сом)




14-график. Коммерциялык банктардын карт-эсептериндеги депозиттик базанын калдктарынын динамикасы (млрд сом)




***2) Банктык төлөм карттар эквайринги***


2018-жылдын IV чейрегинин акырына карата абал боюнча банктык төлөм карттар, анын ичинде «Элкарт» улуттук төлөм карты республиканын бардык аймактарында орнотулган 1 583 банкоматта жана 10 046 POS-терминалда тейлөөгө алынган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда банкоматтардын саны 12,0 пайызга же 170 банкоматка көбөйгөн, ал эми POS-терминалдар – 21,3 пайызга же 1 761 POS-терминалга көбөйгөн). Мындай өсүш калкка банктык төлөм карттарын колдонуу боюнча

шарттарды түзүү максатында коммерциялык банктардын аралыкта орнотулган жабдууларды көбөйтүү иш-чараларына байланыштуу келип чыккан.


Учурда иштеп жаткан POS-терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны системалардын түрлөрү боюнча төмөнкүдөй бөлүштүрүлгөн:

- Visa жана MasterCard эл аралык системалары боюнча - 583 банкомат жана 4 846 POS-терминал;
- «Золотая корона» эл аралык системасы боюнча - 209 банкомат жана 1 342 POS-терминал.

**15-график. Системалар боюнча банкоматтардын саны**




**16-график. Системалар боюнча терминалдардын саны**




**5-таблица. Областтар боюнча аралыкта орнотулган жабдуулардын саны**

| Региондун аталышы | Банкоматтар (даана) | Pos-терминалдар (даана) | | Төлөм терминалдар (даана) |
|---|---|---|---|---|
| | | соода ишканаларында | банктарда | |
| Бишкек ш. | 703 | 6 165 | 588 | 508 |
| Чүй областы | 125 | 653 | 186 | 155 |
| Ысык-Көл областы | 156 | 423 | 192 | 174 |
| Нарын областы | 52 | 47 | 111 | 57 |
| Талас областы | 58 | 82 | 74 | 82 |
| Жалал-Абад областы | 188 | 268 | 271 | 206 |
| Ош областы | 232 | 438 | 392 | 327 |
| Баткен областы | 69 | 27 | 129 | 97 |
| **Бардыгы** | **1 583** | **8 103** | **1 943** | **1 606** |

***3) Банктык төлөм карттарды колдонуу менен ишке ашырылган операциялардын көлөмүнүн жана санынын динамикасы***

2018-жылдын IV чейрегинде картты колдонуу менен ишке ашырылган операциялардын жалпы көлөмү 56 307,9 млн. сомду түзгөн. Өткөн чейрекке салыштырганда ишке ашырылган операциялардын көлөмү 12,4 пайызга көбөйгөн, мында өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көбөйүү 19,9 пайызды түзгөн.

Бардык операциялардын негизги үлүшү акча каражаттарын нак акчага айландырууга туура келген, ал 53 223,8 млн. сом чегинде катталган, бул бардык операциялардын жалпы көлөмүнүн 94,5 пайызын түзгөн. Өткөн чейрекке салыштырганда ишке ашырылган операциялардын көлөмү 12,6 пайызга көбөйгөн, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 19,3 пайызга жогоруну түзгөн. Соода-тейлөө ишканаларындагы POS-терминалдар аркылуу ишке ашырылган операциялардын көлөмү 3 084,1 млн. сомду түзгөн (бул ишке ашырылган бардык операциялардын 5,5 пайызын түзөт), мында ишке ашырылган операциялардын көлөмү өткөн чейрекке салыштырмалуу 8,8 пайызга көбөйгөн, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 31,5 пайызга өскөн.

2018-жылдын IV чейрегинде картты колдонуу менен 11,0 млн. жогору транзакция ишке ашырылган. Операциялардын саны өткөн чейрекке салыштырганда 14,6 пайызга көбөйгөн, ал эми өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны боюнча көрсөткүч 25,0 пайызга өскөн.

Бардык ишке ашырылган операциялардын негизги үлүшү акча каражаттарын нак акчага айландырууга туура келип, ал 8 976,3 миң транзакция чегинде катталган, бул бардык операциялардын жалпы санынын 81,4 пайызын түзгөн. Өткөн чейрекке

салыштырганда жүргүзүлгөн операциялардын саны 11,8 пайызга, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 19,3 пайызга көбөйгөн.

Соода-тейлөө ишканаларында орнотулган POS-терминалдар аркылуу ишке ашырылган операциялардын саны 2 055,7 миң транзакция чегинде катталган (операциялардын бардык көлөмүнүн 18,6 пайызы). Өткөн чейрекке салыштырганда жүргүзүлгөн операциялардын саны 31,3 пайызга жогорулаган, мында өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда өсүш 61,0 пайызды түзгөн.

**6-таблица. Соода-тейлөө ишканаларында нак акчага айландыруу жана төлөө боюнча операциялардын саны жана көлөмү карттар боюнча**

| Төлөм карттын түрү | 2018-ж. III чейреги | | | | 2018-ж. IV чейреги | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Нак акча алуу | | Соода-тейлөө ишканасында төлөө | | Нак акча алуу | | Соода-тейлөө ишканасында төлөө | |
| | Саны | Көлөмү (миң сом) | Саны | Көлөмү (миң сом) | Саны | Көлөмү (миң сом) | Саны | Көлөмү (миң сом) |
| AMEX | 2 205 | 12 480,3 | 1 167 | 20321,7 | 2 184 | 10 142,1 | 891 | 17 509,1 |
| Элкарт | 4 274 846 | 21 282 494,0 | 379 405 | 379131,3 | 4 924 532 | 23 932 351,9 | 486 113 | 450 933,3 |
| Visa | 1 974 777 | 18 734 251,1 | 1 044 459 | 2139987,7 | 2 314 700 | 22 492 438,6 | 1 442 827 | 2 350 305,7 |
| Элкарт-UPI | 33 029 | 143 948,5 | 4 942 | 8794,8 | 27 302 | 111 673,6 | 5 214 | 9 152,2 |
| UPI | 22 672 | 184 062,2 | 1 132 | 3318,3 | 30 017 | 241 132,9 | 1 270 | 2 277,2 |
| MasterCard | 152 488 | 1 388 216,0 | 87 630 | 259241,7 | 186 582 | 1 423 724,6 | 79 999 | 233 507,6 |
| Золотая Корона | 1 567 747 | 5 519 131,9 | 46 325 | 23652,4 | 1 490 954 | 5 012 366,1 | 39 430 | 20 355,7 |
| **Бардыгы** | **8 027 764** | **47 264 583,9** | **1 565 060** | **2 834 447,9** | **8 976 271** | **53 223 829,8** | **2 055 744** | **3 084 040,7** |

**7-таблица. Карт ээлеринин активдүүлүгүнүн көрсөткүчтөрү тууралуу маалымат**

| Операциянын түрү | Жүгүртүүдө бир карт боюнча операциялардын орточо | | | | | Жүгүртүүдө бир карт боюнча операциялардын орточо саны (бир) | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2017-ж. IV ч. | 2018-ж. I ч. | 2018-ж. II ч. | 2018-ж. III ч. | 2018-ж. IV ч. | 2017-ж. IV ч. | 2018-ж. I ч. | 2018-ж. II ч. | 2018-ж. III ч. | 2018-ж. IV ч. |
| Нак акчага айландыруу | 23,1 миң сом | 18,0 миң сом | 20,4 миң сом | 20,0 миң сом | 21,9 миң сом | 3,7 | 3,1 | 3,5 | 3,4 | 3,7 |
| Соода-тейлөө ишканасы аркылуу | 1 216,5 сом | 1 146,6 сом | 1 123,0 сом | 1 201,1 сом | 1 267,8 сом | 0,7 | 0,6 | 0,7 | 0,7 | 0,8 |

### 3.4. Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр[1]

Отчеттук чейрек ичинде катышуучулардын чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрү SWIFT, «Банк-Клиент», «Е-Клиент» ж.б. ушул сыяктуу системаларды пайдалануу менен ишке ашырылган. Мында, банктар чек ара аркылуу төлөмдөрдү өткөрүү үчүн SWIFT системасын көбүрөөк пайдаланышкан.

2018-жылдын IV чейреги ичинде эл аралык төлөмдөр валюталардын 15 түрү боюнча жүзөгө ашырылган. Ушул эле жылдын IV чейреги ичинде кирген төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 601,6 млрд. сомду түзгөн, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда 7,5 пайызга жогору (өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда көбөйүү 21,3 пайызды түзгөн).

Ал эми чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 617,5 млрд. сомду түзгөн, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда 9,0 пайызга жогору (өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда көбөйүү 16,0 пайыз чегинде катталган).

### 3.5. Акча которуулар[1]

Бүгүнкү күндө акча которуу көлөмүнүн өсүшү байкалууда. Бул, коммерциялык банктар тарабынан ыңгайлуу шарттар түзүлгөндүгүн жана кардарлар тарабынан банктык продукттар жигердүү колдонулуп жаткандыгын тастыктайт. Мындан тышкары, сезондук жана валюта рыногунун өзгөрүлмөлүүлүгүн да эске алуу зарыл.


2018-жылдын IV чейрегинин жыйынтыгы боюнча акча которуулар эл аралык жана локалдык системалар аркылуу жүзөгө ашырылган. Эл аралык акча которуу системалары боюнча кирген которуулардын жалпы саны 2 353 039 түзүү менен 49,7 млрд. сом суммасы чегинде түптөлгөн, мында өткөн чейрекке салыштырганда которуулардын саны 5,0 пайызга көбөйгөн, ал эми анын көлөмү 8,3 пайызга төмөндөгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көбөйүү, тиешелүүлүгүнө жараша, 21,1 жана 1,8 пайызды

[1] Булагы: Коммерциялык банктардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчеттору.


түзгөн). Чыккан которуулардын саны 220 567 түзүү менен жалпы 12,9 млрд. сом суммасында катталган, мында которуулардын саны өткөн чейрекке салыштырганда көбөйүү, тиешелүүлүгүнө жараша, 19,5 жана 1,5 пайызды түзгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көбөйүү, тиешелүүлүгүнө жараша, 16,7 жана 3,1 пайызды түзгөн).

Кыргыз Республикасынын региондору боюнча кирген жана чыккан которуулардын көлөмү боюнча көбүрөөк салыштырма салмак Бишкек шаарына - кирген которуулардын жалпы көлөмүнөн 50,0 пайызы жана чыккан которуулардын жалпы көлөмүнөн 59,5 пайызы туура келген.

**17-график. 2018-жылдын IV чейреги ичинде областтар боюнча кирген акча которуулардын үлүшү (%)**




**18-график. 2018-жылдын IV чейреги ичинде областтар боюнча чыккан акча которуулардын үлүшү (%)**




Отчеттук чейрек ичинде эл аралык акча которуулар валютанын 5 түрү боюнча жүзөгө ашырылган.

***1) АКШ долларында акча которуулар***

2018-жылдын IV чейрегинде кирген которуулардын жалпы саны 293 211 түзүп, 179,3 млн. АКШ доллар суммасында катталган, мында өткөн чейрекке салыштырганда которуулардын саны 7,7 пайызга көбөйгөн, ал эми которуулардын көлөмү 6,5 пайызга азайган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, көбөйүү тиешелүүлүгүнө жараша 19,4 жана 3,0 пайызды түзгөн). Чыккан которуулардын саны 89 112 түзүү менен 98,8 млн. АКШ доллар суммасында катталган, мында көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 5,2 жана 0,9 пайызга жогору (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, көбөйүү тиешелүүлүгүнө жараша 13,4 жана 5,6 пайызды түзгөн).

***2) Евро валютасында акча которуулар***

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча кирген которуулардын саны 11 456 түзүү менен 4,5 млн. евро суммасында катталган, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 17,7 жана 6,0 пайызга көбөйгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көбөйүү тиешелүүлүгүнө жараша 29,8 жана 21,1 пайызды түзгөн). Чыккан которуулардын саны 2 798 түзүү менен 4,1 млн. евро суммасында катталган, мында өткөн чейрекке салыштырганда көбөйүү, тиешелүүлүгүнө жараша, 20,9 жана 13,3 пайызды түзгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, которуулардын саны 15,1 пайызга көбөйгөн, ал эми которуулардын көлөмү 26,9 пайызга азайган).

***3) Орус рублинде акча которуулар***

2018-жылдын IV чейрегинин жыйынтыгы боюнча кирген которуулардын саны 2 042 415 түзүү менен 36 584,9 млн. рубль суммасында катталган, мында өткөн чейрекке салыштырганда которуулардын саны 7,9 пайызга көбөйгөн, ал эми которуулардын көлөмү 1,7 пайызга азайган (ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 25,1 жана 22,7 пайызга көбөйүү байкалган). Мындан тышкары, чыккан которуулардын саны 126 749 түзүп, 5 569,3 млн. рубль суммасында ишке ашырылган, бул өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 40,7 жана 11,8 пайызга көбөйгөн (ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 21,8 жана 21,9 пайызга көбөйгөн).

***4) Казак теңгесинде акча которуулар***

Отчеттук мезгил ичинде кирген которуулардын саны 651 түзүү менен 47,7 млн. теңге суммасында катталган, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 23,1 жана 23.8 пайызга азайган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 69,6 жана 66,0 пайызга азайган). Чыккан которуулардын саны 340 төлөмдү түзүү менен 44,2 млн. теңге суммасында катталган, бул өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 17,9 жана 14,0 пайызга аз (ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда азаюу, тиешелүүлүгүнө жараша 58,5 жана 63,3 пайызды түзгөн).

***5) Кыргыз сомунда акча которуулар***

2018-жылдын IV чейреги ичинде кирген которуулардын саны 5 306 түзүү менен 82,4 млн. сом суммасында катталган, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 91,8 жана 93,8 пайызга төмөндөгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда азаюу, тиешелүүлүгүнө жараша 90,2 жана 90,0 пайызды түзгөн). Чыккан которуулардын саны 1 568 түзүү менен 31,8 млн. сом суммасы чегинде түптөлгөн, бул өткөн чейрекке салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 77,6 жана 90,3 пайызга төмөндөгөн (өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 49,2 жана 54,1 пайызга азайюу байкалган).

**8-таблица. Акча которуу системалары боюнча акча которуулар**

| Акча которуу системалары | | 2017-ж. IV ч. | | 2018-ж. III ч. | | 2018-ж. IV ч. | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Саны, даана | Көлөмү, млн сом | Саны, даана | Көлөмү, млн сом | Саны, даана | Көлөмү, млн сом |
| **Western Union** | **Кирген** | 93 912 | 2 423,4 | 103 817 | 2 704,2 | 93 657 | 2 495,2 |
| | **Чыккан** | 8 341 | 467,6 | 10 070 | 575,4 | 11 507 | 569,0 |
| **Contact** | **Кирген** | 50 573 | 1 713,2 | 137 154 | 2 947,4 | 99 886 | 3 044,8 |
| | **Чыккан** | 4 479 | 206,4 | 8 032 | 270,9 | 12 790 | 394,6 |
| **Money Gram** | **Кирген** | 23 748 | 879,4 | 20 229 | 844,4 | 22 180 | 859,0 |
| | **Чыккан** | 1 736 | 124,4 | 1 591 | 87,6 | 2 023 | 122,7 |
| **Лидер** | **Кирген** | 30 601 | 459,9 | 0 | 0,0 | 0 | 0,0 |
| | **Чыккан** | 470 | 9,4 | 0 | 0,0 | 0 | 0,0 |
| **Xpress money** | **Кирген** | 140 | 7,4 | 3 | 0,5 | 1 | 0,0 |
| | **Чыккан** | 2 | 0,3 | 0 | 0,0 | 0 | 0,0 |
| **Юнистрим** | **Кирген** | 260 375 | 10 348,4 | 250 267 | 7 340,2 | 255 542 | 6 344,2 |
| | **Чыккан** | 8 173 | 1 267,5 | 5 167 | 650,2 | 6 108 | 745,0 |
| **БЛИЗКО** | **Кирген** | 558 | 12,7 | 442 | 16,6 | 286 | 6,4 |
| | **Чыккан** | 1 | 0,0 | 3 | 0,1 | 3 | 0,0 |
| **FASTER** | **Кирген** | 2 654 | 52,4 | 920 | 14,7 | 729 | 11,6 |
| | **Чыккан** | 822 | 25,2 | 420 | 10,0 | 345 | 8,2 |
| **Золотая Корона** | **Кирген** | 1 477 170 | 32 778,6 | 1 725 607 | 40 287,2 | 1 878 748 | 36 905,2 |
| | **Чыккан** | 164 143 | 10 354,9 | 158 423 | 11 050,0 | 187 753 | 11 019,6 |
| **БЭСТ** | **Кирген** | 263 | 7,6 | 2 | 0,0 | 0 | 0,0 |
| | **Чыккан** | 0 | 0,0 | 0 | 0,0 | 0 | 0,0 |
| **RIA** | **Кирген** | 667 | 23,1 | 1 457 | 52,7 | 2 010 | 68,8 |
| | **Чыккан** | 7 | 0,3 | 24 | 1,6 | 38 | 1,9 |
| **Жыйынтыгында системалар боюнча** | **Кирген** | **1 942 708** | **48 706,0** | **2 239 898** | **54 207,8** | **2 353 039** | **49 735,2** |
| | **Чыккан** | **188 991** | **12 456,0** | **183 730** | **12 645,7** | **220 567** | **12 861,0** |

### 3.6. Төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары

2019-жылдын 1-январына карата абал боюнча 23 юридикалык жак Улуттук банктын лицензиясына ээ болгон, анын ичинен 22 лицензия төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна жана 21 лицензия төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна каралган.

2018-жылдын IV чейрегинин ичинде төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу 8,1 млрд. сом жалпы суммасына 44,6 млн. транзакция ишке ашырылган.

Бардык төлөмдөрдүн негизги үлүшү уюлдук байланыш операторлорунун пайдасына туура келген – 3,5 млрд. сом (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 50,0 пайыз), уюлдук байланыш операторлорунун пайдасына өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны 38,9 млн. төлөмдү түзгөн (төлөмдөрдүн жалпы санынан 87,3 пайыз).

Электрондук капчыктарды толуктоо көлөмү 1,3 млрд. сомду (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 15,6 пайыз), ал эми толуктоолордун саны 1,0 млн. төлөмдү түзгөн (төлөмдөрдүн жалпы санынын 2,4 пайызы). Мамлекеттик жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү/товарларды сунуштоочулардын пайдасына төлөмдөрдүн көлөмү (коммуналдык кызматтарга, салык жыйымдарына, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кайгуул кызматына айыптык төлөмдөр, мамлекеттин бюджетине башка төлөмдөр) 1,2 млрд. сомду түзгөн (төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 14,6 пайызы), ал эми төлөмдөрдүн саны 1,9 млн. төлөмдү түзгөн (төлөмдөрдүн жалпы санынын 4,3 пайызы).


**9-таблица. Төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны жана көлөмү**

| № | Төлөмдүн түрү | Саны, бир. | Үлүшү, % | Көлөмү, миң сом | Үлүшү, % |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мобилдик байланыш кызматы | 38 886 262 | 87,3 | 3 494 656,1 | 43,0 |
| 2 | Катталган телефон байланышы | 75 449 | 0,2 | 15 980,3 | 0,2 |
| 3 | Интернет | 437 046 | 1,0 | 361 391,7 | 4,4 |
| 4 | Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | 1 703 688 | 3,8 | 1 071 893,7 | 13,2 |
| 5 | Салык жыйымдары | 33 483 | 0,1 | 38 011,7 | 0,5 |
| 6 | Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кайгуул кызматына айыптык төлөмдөр | 32 796 | 0,1 | 15 215,1 | 0,2 |
| 7 | Мамлекеттин бюджетине башка төлөмдөр | 149 034 | 0,3 | 61 907,9 | 0,8 |
| 8 | Банктык эсепти толуктоо | 118 608 | 0,3 | 437 055,6 | 5,4 |
| 9 | Финансы-кредит мекемесинин кредити үчүн төлөө | 53 758 | 0,1 | 233 541,4 | 2,9 |
| 10 | Башка банктык кызмат көрсөтүүлөр | 9 025 | 0,02 | 19 840,7 | 0,2 |
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 1 044 881 | 2,3 | 1 268 548,6 | 15,6 |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 29 720 | 0,1 | 42 417,6 | 0,5 |
| 13 | Социалдык тармактар | 18 920 | 0,04 | 5 267,5 | 0,1 |
| 14 | Интернет оюндары | 97 417 | 0,2 | 36 005,1 | 0,4 |
| 15 | Башка интернет-тиркемелеринде эсепти толуктоо | 406 673 | 0,9 | 387 363,2 | 4,8 |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 1 081 721 | 2,4 | 84 608,5 | 1,0 |
| 17 | Букмекердик чендер | 0 | 0,00 | 0,0 | 0,00 |
| 18 | Жарнама кызматтары | 108 | 0,0002 | 79,6 | 0,001 |
| 19 | Кулактандыруулар | 15 395 | 0,03 | 4 332,6 | 0,1 |
| 20 | Кайрымдуулук | 2 591 | 0,01 | 972,2 | 0,01 |
| 21 | Билим алуу | 14 982 | 0,03 | 84 938,2 | 1,0 |
| 22 | Туристтик кыдыруулар | 794 | 0,002 | 3 327,3 | 0,04 |
| 23 | Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине караштуу «Тышкы соода чөйрөсүндө «Бирдиктүү терезе» борбору» мамлекеттик ишканасы | 0 | 0,00 | 0,0 | 0,00 |
| 24 | Башка төлөмдөр | 343 082 | 0,8 | 459 796,0 | 5,7 |
| **2018-жылдын IV чейрегинин жыйынтыгы:** | | **44 555 433** | 100 | **8 127 150,52** | 100 |






Жалпы алганда, 2018-жылдын ичинде төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу 29,2 млрд. сом жалпы суммасына (2017-жылга салыштырганда 13,4 пайызга көбөйүү байкалган) 174,1 млн. транзакция ишке ашырылган (2017-жылга салыштырганда 4,6 пайызга азайуу байкалган).






Төлөм уюмдарынын иши автоматташтырылган өз алдынча тейлөө терминалы (cash-in), агенттик тармак жана электрондук акчаны колдонуу аркылуу үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алууга негизделген. 2018-жылдын акырына карата төлөм уюмдарынын автоматташтырылган өз алдынча тейлөө терминалдарынын саны 5 748, POS-терминалдарынын саны – 240, төлөм системасынын катышуучуларынын саны – 21 756 түзгөндүгүн белгилеп кетүү зарыл.

### 3.7. Банктык чекене агенттер

Коммерциялык банктар агенттерди ишке тартуу менен калкка товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү боюнча финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо, кредиттин ордун жабуу, банктык эсепти толуктоо, банктык карттан нак акча каражаттарды берүү, бюджетке төлөмдөрдү кабыл алуу ж.б. боюнча кеңири мүмкүнчүлүккө ээ болушат.

2018-жылдын IV чейрегинин ичинде ишке тартылган банктык чекене агенттердин саны төмөнкүнү түзгөн:

- 32 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн кеңири чөйрөсүн сунуштаган, өткөн чейрекке салыштырганда көбөйүү 23,1 пайызды түзгөн;
- 197 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым бир түрлөрүн сунуштаган, өткөн чейрекке салыштырганда көбөйүү 1,5 пайызды түзгөн.

## 4. Методологиялык иш

Улуттук банк Башкармасынын 2018-жылдын 26-декабрындагы № 2018-П-14/58-7-(ПС) токтому менен Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторуна өзгөртүүлөр киргизилген.

Классификаторго өзгөртүүлөр Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 19-ноябрындагы № 122-П буйругу менен бекитилген

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясына кабыл алынган өзгөртүүлөргө байланыштуу киргизилген.

Натыйжада, Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторунун 1 жана 2-бөлүктөрү Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясына ылайык келтирилген.

Ошондой эле, Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын өркүндөтүү максатында Улуттук банк Башкармасынын 2018-жылдын 12-декабрындагы № 2018-П-14/53-8-(ПС) токтому менен «Төлөм системасынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин лицензиялоо жөнүндө» жобо бекитилген.